**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

К12.17.549 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

*Кол жазма укугунда*
*УДК 340.111.5(575.2)(043.3)*

**БЕЙСЕМБАЕВ ДИАС АМАНГЕЛЬДИНОВИЧ**

# КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ИНСТИТУТУНУН ЭВОЛЮЦИЯСЫ УКУК КОРГОО ИШМЕРДИГИ ЧӨЙРӨСҮНДӨ КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН ЭЛЕМЕНТИ КАТАРЫ (ТАРЫХЫЙ-УКУКТУК АСПЕКТ)

12.00.01– укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош – 2018**

Иш “Кыргызстан эл аралык университети” Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин эл аралык укук кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** юридика илимдеринин доктору, профессор **Кулдышева Гүлсара Кенжеевна**

**Расмий оппоненттери**: юридика илимдеринин доктору, профессор **Ракимбаев Эркин Нурудинович**

юридика илимдеринин кандидаты **Юлдашов Кобилжан Камалидинович**

**Жетектөөчү уюм:** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Э.А.Алиев атындагы Академиясынын «Мамлекеттик-укуктук дисциплиналар» кафедрасы (дареги: 720083, Бишкек ш., Ч. Валиханов көч., 1А)

Диссертация 2019-жылдын 1-февралында саат 10.00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн, Кыргызстан Эл аралык университетинин жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К12.17.549 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 723018, Ош ш., Ленин көч., 221.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 723500, Ош ш., А. Каримов көч., 31. Эл. дареги: www.iuk.kg.

Автореферат 2018-жылы «___» _____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
юридика илимдеринин кандидаты Колсариева Н.Ш.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Укук коргоо ишмердүүлүгүнүн маңызы көптөгөн окумуштуулар менен укук таануучулардын изилдөө предмети болуп саналат, бирок ага карабастан анын бардык аспектилери изилденип бүтө элек. Мындай аспектилерге укук коргоо органдарында квалификацияны жогорулатуу институту дагы кирет. Учурда Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын укук коргоо органдары ар кандай деңгээлдеги адистиктеги жана квалификациядагы кесипкөй кадрларды даярдоо, кайра даярдоо жана жогорулатуу үчүн атайын белгилүү болгон билим берүүчү мекемелердин арсеналына ээ.

Казакстан Республикасынын мамлекет башчысы Н.А.Назарбаев 2013-жылдын 14-декабрында Казакстан элине жыл сайын жолдогон өзүнүн ""Стратегия-2050". Турукташкан мамлекеттин жаңы саясий багыты" аттуу Кайрылуусунда баса белгилегендей, билим жана кесипкөй көндүмдөр – билим берүүнүн, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоонун заманбап системасынын негизги багыттары болуп эсептелет. Алдыңкы жабдыктар менен жана эң эле заманбап өндүрүштө иштөөнүн көндүмдөрүн туруктуу түрдө ар дайым өздөштүрүп туруу зарыл *[Электрондук булак://Послание Президента Республики Казахстан Н. Назарбаева народу Казахстана. 5 октября 2018 г[https://strategy2050.kz/ru/page/message_text20171/].*

Жогоруда айтылгандар ошондой эле 2020-жылга чейин мөөнөттө Казакстан Республикасынын укуктук саясат концепциясынын 5-бөлүмүндө дагы чагылдырылат, анда укуктук саясаттын түзүмдүк бөлүгү болуп илимий жана билим берүүчү ишмердүүлүгүн укуктук жактан жөнгө салуу саналат, ал, өз кезегинде өлкөнүн индустриалдык-инновациялык өнүгүшүн камсыз кылуу, анын интеллектуалдык дараметин жогорулатуунун маанилүү шарты болуп эсептелет *[Электрондук булак://Указ Президента Республики Казахстан от 24.08.2009 N 858 "О Концепции правовой политики Республики Казахстан на период с 2010 до 2020 года"].*

Заманбап шарттарда ар түрдүү профилдеги юридикалык кадрларды даярдоодо жаралган көйгөйлөрдү чечүү боюнча мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн консолидациясы жолу аркылуу кетүү максатка ылайыктуу. Мындай ыкма мамлекеттик ресурстарды чачыратып, жок кылуудан качууну жана юридикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууну өбөлгөлөйт.

Мындай контекстте Казакстан Республикасынын ИИМдин окуу жайларында кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу өзгөчө актуалдуу жана практикалык мааниге ээ болот, бул да болсо – укук коргоо органдарынын сапаттуу кадрдык жаңыланышынын шарттарынын бири.

Түзүлгөн тажрыйбанын анализи көрсөткөндөй, укук коргоо органдарындагы ар кандай мекеме, кызматтардын кадрларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо системасы бардык багыттар боюнча жаңылануугa муктаж. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин

кошумча кесиптик билим берүү системасынын башкы маселеси болуп ар кандай укук бузууларга, кылмыштарга эффективдүү туруштук берүүгө, күнүмдүк жана өзгөчө кырдаалдарда мыкты кесиптик жана жарандык сапаттарды көрсөтүүгө жөндөмдүү жана даяр болгон квалификацияланган адистер менен системалуу түрдө толтуруу саналат.

Укук коргоо органдарынын кадрларын үзгүлтүксүз жана сапаттуу түрдө кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатууга болгон бийик талаптар төмөнкүдөй жагдайлардын натыйжасында чакырылган: биринчиден, илимий маалыматтын көлөмүнүн интенсивдүү көбөйүшү менен коштолгон илимий, техникалык жана маалыматтык камсыздоо олуттуу көбөйдү, бул билимдердин тез эскиришине алып келет; экинчиден, укук коргоо органдарынын бардык түзүмдөрү интенсивдүү түрдө башка чөйрөлөрдө иштеген көптөгөн жумушчулар менен толукталып турат, бул алар жаңы квалификация алышы үчүн ыкчам, кесиптик кайра даярдоо муктаждыгын чакырат; үчүнчүдөн, өлкөдөгү ыкчам кырдаалдын татаал абалы укук-ченемдик актылардын жана башка жетектөөчү документтердин (нускамалардын, көрсөтмөлөрдүн ж.б.у.с.) үзгүлтүксүз жаңырышынын керектигин чакырат, аларды сапаттуу өздөштүрүп, ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн өз убагында ар кандай категориядагы кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу талап кылынат.

Буга байланыштуу укук коргоо органдарынын системасында кесиптик билим берүүнү, квалификацияны жогорулатуу институтун жакшыртууда объективдүү муктаждык жаралат, анткени ал кесипкөйлүүлүктү ыкчам жана сапаттуу жогорулатуунун маанилүү шарты болуп саналат.

Квалификацияны жогорулатуу системасындагы билим берүүчү мекемелердин практикалык ишмердүүлүгү бүгүнкү күндө окуучулардын өзүн-өзү ишке ашыруу жана өзүн-өзү аныктоо үчүн шарттарды түзүү аракеттери менен мүнөздөлөт. Бирок ал дайыма эле ишеничтүү боло бербейт, анткени укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесиптик даярдыгына болгон коомдун тез-тез алмашып турган талаптары менен алардын кесиптик ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүнө чыныгы дал келишинин ортосунда жаралган карама-каршылыктар өөрчүп турат.

Буга далил катары бул тармактагы илимий иштелмелердин жана бул институтту жакшыртуу үчүн конкреттүү сунуштамалардын жоктугун алсак болот. Бул укук коргоо органдарынын ар кандай түзүмдөрүндө кошумча кесиптик билим берүүнүн маңызы менен мазмунун түшүнүү бир мүнөздүү баяндалбаганы менен түшүндүрүлөт. Өзгөчө акыркы жылдары көптөгөн окуу предметтеринин түзүлүшү жана алардын мазмунун көп деле өзгөргөн эмес, алар окутуунун салттуу маалыматтык технологияларына багытталган.

Жогоруда айтылгандар квалификацияны жогорулатуу институтун укук коргоо ишмердүүлүгү чөйрөсүндө кадрларды даярдоо элементи катары квалификацияны жогорулатуу институтунун көйгөйлөрүн изилдөөнүн жана диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы демилгелүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Изилдөөнүн максаты – укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун эволюциясын өнүктүрүүнүн жолдорун жана шарттарын аныктоо жана негиздөө жана бул чөйрөдө практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Аталган максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **негизги маселелер** коюлду:

- укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту түшүнүгүн жана спецификасын ачуу;
- укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун эволюциясын карап чыгуу, чечилүүчү милдеттердин көлөмүн аныктоо;
- укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун азыркы абалын изилдөө;
- укук коргоо системаларын реформалоонун дүйнөлүк тажрыйбасын анализдерин эске алуу менен укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун өркүндөтүүдө көбүрөөк эффективдүү мамилени аныктоо;
- укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштардын комплексин иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** төмөнкүдөй негизги теориялык жана практикалык натыйжалар менен аныкталат:

1) “укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институту” түшүнүгүнүн автордук аныктамасы калыптанды;

2) укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун спецификасы негизделди;

3) укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун заманбап абалы мүнөздөлдү;

4) укук коргоо органдарында квалификацияны жогорулатуу институту системасында өнүгүү жана карама-каршылык тенденциялары аныкталды;

5) укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтун жакшыртууну камсыз кылган жолдор менен шарттар негизделди.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү** автор жүргүзгөн комплекстүү тарыхый-укуктук изилдөөнүн негизинде укук коргоо органдары чөйрөсүндө кадрларды даярдоодо квалификацияны жогорулатуу институтунун абалы иликтенип, эволюциясынын өзгөчөлүктөрү менен аныкталат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар төмөнкүдөй учурларда колдонушу ыктымал:

– укук коргоо органдары чөйрөсүндө кадрларды даярдоодо квалификацияны жогорулатуу институтун жакшыртуунун келечегин жана анын заманбап абалын мындан ары илимий изилдөөдө;

– мамлекет жана укук жалпы теориясын, укуктук окуулардын тарыхын, укук коргоо органдары, конституциялык укук сабактарын окутууда;

– диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору эске алынып, укуктук-чыгармачылык жана укук коргоочу ишмердүүлүктөрдө колдонулушу ыктымал;

– укук коргоо органдары системасында реформа жүргүзүү маселелерин чечүүдө.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

1. “Укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту” түшүнүгүнө автордук аныктама берилди.

Ага ылайык, укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту деп, укук коргоо органдарынын кадрларын даярдоодо өз милдеттерин тийиштүү тартипте аткаруу үчүн керектүү кесипкөйлүүлүктүн деңгээлин сактоо жана жакшыртууга багытталган кошумча билим берүү системасындагы объективдүү шартталган элементти түшүнүү сунушталат.

2. Укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту өзгөчө түрү менен мүнөздөлөт жана ага өнүгүүнүн төмөнкүдөй негизги баскычтары таандык: 1) укук коргоо органдары системасында идеологияны түзүү; 2) саясий транзит мезгилинде калыптануу; 3) укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтун мыйзамдык-ченемдик жактан бекемдөө; 4) укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтун дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келтирүүнү жакшыртуу; 5) турукташкан мамлекеттин жаңы саясий багытын ишке ашыруу шарттарында укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун жаңы моделин куруу.

3. Укук коргоо органдарынын квалификациясын жогорулатуу алар аткарган ишмердүүлүктүн конкреттүү багытын эске алуу менен ишке ашырылышы зарыл (түзөтүү жайларында көзөмөл жүргүзүү, кайсы бир инсанга каршы кылмыштарды тергөө, экономика тармагындагы кылмыштарды тергөө ж.б.у.с.). Мындан сырткары, олуттуу чет элдик тажрыйбаны киргизүү максатка ылайыктуу: психологиялык тренингдерди системалуу түрдө өтүү; кызматы боюнча алдыга жылуу системасы, мында курсту ийгиликтүү аяктаган полиция кызматкерлери наам менен кошо “бакалавр” академиялык даражасын алат; полицейский кызматына сынак жүргүзүүнүн акыйкаттуулугу менен ачыктыгынын жогорку даражасы, анын жыйынтыгын кайра апелляцияга тапшыруу мүмкүндүгү; университеттен кийинки полицейский билим берүүнүн кеңири программасы; кылмыштын чакырыктарына туура жооп кайтарууну өбөлгөлөгөн жаңы программалар менен бааларды киргизүү.

4. Укук коргоо органдарынын эффективдүү иштеши, алардын жогорку кесипкөй кадрлар менен толуп турушу көп учурларда так түзүлгөн жарандарды кызматка алуу системасынан көз каранды.

5. Квалификациясын жогорулатуу курстарын аяктаган укук коргоо түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин акчалай камсыздалышын жогорулатуу боюнча сунуш негизделген жана анык түзүмү жаштарды тартууга, агымдарды азайтууга жана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда жигердүүлүктү

жогорулатууга багытталып өзгөртүлдү. Алсак, кызматкерлердин кызматтык айлыктарынын терең дифференциациясы, кызмат өтөгөн мезгили үчүн пайыздык кошулмалардын кошулуу шкаласынын өзгөрүшү, эмгек стажы үчүн пайыздык кошулманы киргизүү.

6. Укук коргоо органдарына өндүрүш жана башка элдик чарбачылыктын тармактарынан, жарандык окуу жайлардан ж.б.у.с. келген адистерге мурдагы ишмердүүлүгү боюнча кызмат өтөгөн мөөнөтүн кошуу керек, эгерде анын спецификасы дал ушул укук коргоо органынын ишмердүүлүгүнүн спецификасына дал келсе. Бир аз дал келсе, оңдоп-түзөлчү коэффициенттерди киргизүү керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** укуктук илимге төмөнкүдөй аныкталат: диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары, анын ичинде, теориялык корутундуларды; жыйынтыктарды; коргоого киргизилип жаткан негизги жоболорду; ошондой эле практикалык сунуштамаларды автор жеке өзү алып, чогултуп, аргументациялап, калыптандырып түзгөн.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын апробациялары.** Диссертация “МУК” УНПКнын Эл аралык укук кафедрасынын отурумунда талкууланды, изилдөөнүн жыйынтыктары “МУК” УНПКнын окуу процессинде колдонулган, илимий-практикалык конференцияларда баяндалган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жарыялоолордо чагылдыруунун толук кандуулугу.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары автор тарабынан жарыяланган 8 макалада, анын ичинде РИНЦ индекси менен жазылган эмгектерде баяндалды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, эки главадан, беш бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделет, иштин максаттары жана милдеттери аныкталат, иштин илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү мүнөздөлөт, коргоого чыгарылып жаткан негизги жоболор түзүлөт, ошондой эле изилдөөчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, диссертациянын жыйынтыктарынын публикацияларда толук кандуу чагылдырылышы, диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлөт.

**Биринчи глава – «Укук коргоо органдары чөйрөсүндө квалификацияны жогорулатуу институтунун калыптанышы»** деп аталып, эки бөлүмдөн турат.

*Биринчи бөлүмдө – «Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кадрларынын квалификациясын жогорулатуу процессинин маңызы»* – укук коргоо системасынын жана тартип сактоонун, укук коргоо органдарынын функцияларынын түшүнүгү, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кадрларынын квалификациясын жогорулатуу институтунун өзгөчөлөнгөн белгилери жана маңызы мүнөздөлөт.

Илимий жоболорду, корутундуларды, бааларды иштеп чыгууда окумуштуулардын укук коргоо ишмердүүлүгү тармагындагы илимий изилдөөлөрү жана эмгектери пайдаланды. Бул тандалган окумуштуулар укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо, кесиптик даярдоо, квалификация жогорулатуу институтунун көйгөйлөрүн иштеп чыгууда олуттуу салым кошкон. Алар: А.В. Аверин, К.С. Вельский, В.П.Божьев, А.Г.Братко, А.П.Гуськова, А.А.Власов, Ю.А. Дмитриев ж.б.

Ошондой эле кыргызстандык окумуштуулардын эмгектеринин арасында төмөнкүлөрдүн эмгектери бөлүнүп, анализденген: Т.А. Асаналиев, И.А. Рыскулов, Т. К. Исманов, А.Б. Калматов ж.б. Мындан сырткары биздин теманын айрым көйгөйлөрү Беркинбаев Н.С., Бейсенова Б.С., Бегалиева К.А., Джакишева Е.Г., Джекебаева У.С., Жадбаева С.Х., Когамова М.Ч. ж.б. казакстандык окумуштуулардын эмгектеринде дагы чагылдырылган.

Бул жана башка диссертациялык изилдөөлөрдө ар кандай даражада укук коргоо органдарынын кызматкерлерин кесиптик даярдоо маселелери каралган. Бирок укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун эволюциясын изилдөө боюнча деталдуу иштер жүргүзүлгөн эмес.

Диссертант Укук коргоо ишмердигинде квалификацияны жогорулатуу институтун изилдөөдө, биринчи кезекте, аталган институттун жалпы илимий түшүнүгүнөн чыгуу керек деп эсептейт. Мындан тышкары, милдеттүү түрдө, башка илимдердин, анын ичинде: тарых, педагогика, социология сыяктуу илимдердин жетишкендиктерине көңүл бурууну айтат, изилдөө процессинде милдеттүү деп эсептейт

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерин даярдоо чөйрөсүндө эффективдүү инструмент катары укук коргоо органдарынын ситемасына кирген квалификацияны жогорулатуу курстары жөнүндөгү маселе И.А.Рыскуловдун ишинде "кызыл сызык" менен талдоого алынган. *[Рыскулов И. А. Государственно-правовой статус органов внутренних дел Кыргызской Республики: вопросы теории и практики [Текст]: автореферат дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.02 /И.А.Рыскулов. – Алматы, 1995. – С. 26].* И.А.Рыскуловдун сунушунун натыйжалуулугу "экономикалык жогорку билими, ошол эле мезгилде жогорку юридикалык билими бар адистерге атайын "кафедра" ачууну сунуштагандыгында турат. Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясында ыкчам-экономикалык ишмердүүлүк кафедрасы иштеп келген, бирок ал жоюлуп кеткен .Азыркы учурда ал кафедранын ишмердүүлүгү, курсанттардын жана студенттердин экономикалык багыттагы укук коргоо түзүлүшүнө даярдык көрсөтмөк, мисалы финансылык полиция кызматына.Ошондой эле, ИИМдин Академиясынын базасында, аталган түзүлүштөргө квалификациялык денгээлин жогорулатуу мүмкүнчүлүгү болмок.Биз И.А.Рыскуловдун пикирине толук кошулабыз, ИИОдо көп баскычтуу даярдоо системасы жалпы эле укук коргоо системасындагыдай эле, ИИМдин жетекчилерин бир айлап даярдоого өбөлгө болууга тийиш.

Автор, укук коргоо ишмердиги чөйрөсүндөгү квалификацияны жогорулатуу институтунун маңызын толук ачып берүү үчүн, мамлекеттин укук

коргоо системасы сыпаттоонун жалпы белгилери үчүн керек, анткени анын элементи катары аталган институт чыгат.

Укук коргоо системасынын максаты – бул баарынан мурда жарандардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо. Укук коргоо органдары тараптан аларга жүктөлгөн милдеттерди аткаруу публикалык-укуктук мүнөзгө ээ. Мамлекеттик коргоо функциясын жүргүзүү, мыйзамдуулукту камсыздоо жана коомдук коопсуздук, укуктук тартипти сактоо, адамдын укуктарын жана эркиндигин коргоо – мамлекеттин жана анын органдарынын конституциялык милдеттеринен болуп саналат.

Диссертант Е.А.Пономарейванын пикири менен да келишет, анткени укук коргоо органдарындагы квалификацияны жогорулатуу институтунун спецификалуулугун “укук коргоо органдарынын кадрларын окутуу эмгек рыногунун суроо-таламдарынан көз каранды эмес – бул “рыноктук институт” эмес” деп эсептейт *[Пономарева Е.А. Организация профессиональной подготовки, переподготовки, повышения квалификации гражданских служащих //Государственная власть и местное самоуправление. [Текст] Е. А. Пономарева2009. № 11. С. 34 - 36]*.

Жүргүзүлгөн анализдердин негизинде, диссертант төмөнкүдөй аныктаманы сунуш кылат: *“Укук коргоо органдары системасындагы квалификацияны жогорулатуу институту укук коргоо ишмердиги чөйрөсүндөгү кадрларды даярдоонун элементи катары чыгат, ал кесипкөйлүк деңгээлин кармап турууга, өз милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарууну жакшыртууга жана кармап турууга багытталган, айрыкча укук коргоо системасынын бардык кызмат адамдарына таандык болуп саналат”*

*Экинчи бөлүм – «Укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтун түзүүнүн тарыхый өбөлгөлөрү”* деп аталып, анда Казакстан Республикасы менен Кыргыз Республикасындагы жалпы укук коргоо органдары системасынын тарыхый калыптанышы жана өнүгүшү , алардын Советтер союзундагы укук коргоо системасы менен тыгыз өнүгүш каралат.

Укук коргоо системасы 1920-жылдары түзүлгөн. 1921-жылы 10-июнда ВЦИК жана РСФСР СНК органдарынын “Жумушчу-дыйкан милициясы жөнүндө жобо” деп аталган декрети менен бекитилген. Анда милициянын түзүлүшү, милдеттери жана укуктары каралып, милициянын бардык түрү бирдиктүү бир органга бириктирилген. Жободо кадрларды тандоодо талаптар катуу коюлган, класстык принцип боюнча, моралдык-иштиктүү сапаттары боюнча жана жалпы билим алган даярдыгы боюнча тандалган *[Исманов Т. К. Становление правоохранительных органов Кыргызстан (1917-1924 гг.) [Текст]Т.К. Исманов. Б., 1998. С.75]*. Укук коргоо мекемелеринин юрисдикциясына жер-жерлерде совет мезгилинде бир катар окумуштуулардын эмгектери чыккан: Ф. Э. Дзержинский, Н. В. Крыленко, М. Я. Лацис, Я. Х. Петерс, М. В. Фрунзе. Укуктук тартип органдарынын тарыхый-укуктук сыпаттамасы боюнча К. Аильчиев, С.К. Кожоналиев, Б. Л. Манелис, К.Нурбеков, М.С. Сапаргалиев, У.Супатаев, Ф.Тайгин, Ф.Х. Сайфуллаев ж.б.лар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Совет мезгилинде, эреже боюнча схема түшүрүлбөгөн, ага ылайык, бардык мамлекеттик органдар мамлекеттик бийлик органдары, мамлекеттик башкаруу

органдары, сот акыйкаттыгы органдары, прокуратура органдары жана элдик контроль органдары деп бөлүштүрүлгөн *[Теория государства и права [Текст] М., 1965. С.237-238]*. Мындай классификация, баарынан мурда 1936-жылы кабыл алынган СССРдин Конституциясынан бери келаткан салттан улам чыккан. Анын ичинде советтик изилдөөчүлөр 50-60-жылдары, эреже боюнча, башкаруу ишмердигин (кеңештер, аткаруу комитеттери ж.б.), соттук жана прокурордук ишмердикти айрыкча так айырмалашкан *[Актуальные [Текст] проблемы советского государства и права в период строительства коммунизма. Л., 1967. С.162-163.]*.

Ушул схеманы андан ары улантып, чиелеништирүү менен изилдөөчүлөрдүн жарымы мамлекеттик башкаруу органдарын блокторго кошумча бөлүштүрүп да көрүшкөн, алардан куралдуу күчтөрдү жана мамлекеттик коопсуздукту өзгөчө бөлүп карашкан.

Бирок мындай классификация көптөгөн талаштарды, айрыкча бул системадагы СССРдеги ИИМдин жана Юстиция министрлигинин орду жана ролу боюнча бир катар талаштар чыккан. Ички иштер органдарынын “кош” бийликке баш ийүүчүлүк принцибинин калыбына келтириши менен изилдөөчүлөр аларга карата бирдиктүү көз караштарды иштеп чыга алышкан эмес, кээде “укуктук тартип” органдары деп да аташкан. Жоюлуп, кайра түзүлө берген Юстиция министрлигине мындан да ашкан чаташууларга жол берилген. Мамлекеттик арбитраж сыяктуу советтик институттун өзгөчөлүгүн жана ордун аныктоо абдан кыйынга турган. Ошентип, изилдөөчүлөр мыйзамдуулукту сактоочу органдарды бөлүштүрүүдө таптакыр чаташып бүтүшкөн.

Буга байланыштуу, карама-каршы уюлдарда альтернативдүү позиция аныкталган, ал укук коргоо органдарын “укук коргоо бийлиги” катары бийликтин башка өкүлчүлүктүү жана аткаруу түрүнөн өзгөчөлөнтүп бөлүп кароо кирген. Бирок бийлик бөлүштүрүүнүн мындай схемасы – “укук коргоо бийлигине” аныктама берүү абдан кыйынчылык туудурган. Эреже боюнча, изилдөөлөрдө соттор, прокуратура, милиция, арбитраж, юстиция, “таптакыр болбой калды дегенде” элдик контроль, ведомстволук контроль тууралуу да сөз болгон. Мунун баары совет мамлекетинин жана укуктук коммунизмди курууга бараткан мезгилде айтылган.

Мындай аныктамага мамлекеттик органдардын классификациясы да абдан жакындаштырылган, алар функционалдык максатына жараша “ишинин мүнөзүнө жана багытына жараша” бөлүштүрүлгөн *[Шамба Т.М. КПСС и органы охраны правопорядка [Текст]//Шамба Т.М. М.-1979. С.11]*. Бул учурда укук коргоо органдарынын разрядына сот органдары, прокуратура, милиция, юстиция, мамлекеттик коопсуздук, абитраж, нотариат, элдик контроль, ведомстволук инспекция ж.б. кирген. Советтик моделдин спецификасына жараша, мамлекеттик жана коомдук башталыштарды айкалыштырган, мындай бөлүштүрүүнү таптакыр жокко чыгарып салуу кыйынга турган, анткени анын баары жаңы түзүмдөрдүн курамына кирип, өзгөчө көңүл бурууну талап кылган.

Мындан улам советтик адабияттарда алкууга кабылган: социалисттик укуктук тартипти коргоо органдары системасы мамлекеттик орган катары чегинен чыккандыгы жана бир катар коомдук түзүлүштөр – Элдик кыймылдар

кошуундары, укуктук тартипти коргоо пункттары, жолдоштук соттор, укук бузууну алдын алуучу кеңештер ж.б. Авторлор тараптан адвокатура сыяктуу органдын дагы “атайын коомдук уюм” деген түшүнүгү жашап келген.

Бул чөйрөдөгү түшүнүктү 1977-жылы кабыл алынган Конституция тартипке келтирген, анда укук коргоо органдарынын статусу аныкталган. Буга карабастан, “укук коргоо органдары” түшүнүгү ишенимдүү чечмелөөнү тапкан эмес, адабияттарда “укук бузуучулар менен күрөшүү системасынын” ички биримдиги улам айкындалган, ал өз ичине “мыйзамдын аткарылышына көзөмөл жүргүзгөн органдар жана уюмдар, укук бузуучулар менен күрөшүү, мыйзам менен кепилденип корголгон жарандардын, коомдук жана мамлекеттик уюмдардын укуктарын коргоону” камтып турат. Булар: соттор, прокуратура, ички иштер органдары, мамлекеттик коопсуздук, арбитраж, адвокатура, нотариат, мамлекеттик жана ведомстволук инспекциялар, жергиликтүү Кеңештердин айрым комиссиялары жана алардын аткаруу комитеттери (мисалы, административдик, байкоочулук), ошондой эле коомдук өз алдынча ишмердиктеги атайын уюмдар: ыктыярдуу элдик кошуундар, жолдоштук соттор ж.б.» *[Жилинский С.Э.: Роль КПСС в укреплении законности на современном этапе [Текст] – М., 1977. С.58-59].*

Ошентип, советтик изилдөөчүлүк салтта, категориалдуу аппаратты аныктоодо чаташуулардын сакталганына карабастан, институттардын кеңири блокторун комплекстүү үйрөнүү муктаждыгы ачык эле көрүнүп турган, анын баары өлкөдө мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздашкан. Буга байланыштуу белгиленген көйгөйлөр мыйзамдуулукту кармап туруунун көп жактуу процесси катары объективдүү шартталган жана мамлекеттик жана коомдук түзүмдөр менен көп жактуу байланышкан. Бүгүнкү күнгө кайрылуу менен биз азыркы мыйзамдарда укук коргоо органдары түшүнүгү салттуу укук коргоо түзүмдөрүнө карата колдонушу дээрлик пайдаланылбагандыгын көрөбүз. Укук коргоо органдарынын түзүлүшүнүн талаштуу мүнөзүнө карабастан, аларда квалификацияны жогорулатуу институту иштеп турган. Алсак, Кыргызстанда, СССРдин КГБнын 4.07.1989-жылдагы №1796/11 Көрсөтмөсүнө ылайык, дайыма саясий жана аскердик даярдыкты камсыздоо максатында КГБнын чекист кадрлары бүт республика боюнча бир катар иш-чаралар белгиленген: «Интернационалдык факторду эске алуу менен КГБ кызматына кадрларды тандоону жакшыртуу боюнча кошумча чаралар кабыл алынсын. Кадрлардын резервинин аракеттүүлүгүн жогорулатууда жаңы муун менен толуктап, талапкерлерди тандоодо СССРдин куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөдө бекем интернационалдык жана идеялык тартипке ээ болгон, интернационалдык коллективдерде окуган жана иштеген адамдардан тандалсын. Дайыма анализге алып туруунун негизинде улуттук резерв курамын элдин курамына жараша толуктоону жөнгө салуу камсыздалсын. Көп улуттуу коллективдер объект катары тандалып алардын арасынан тийиштүү талапкерлер гана алуу иштери уюштурулсун».

Жүргүзүлгөн анализдин алкагында, диссертант Кыргыз ССРинин КГБ кызматкерлеринин арасында квалификацияны жогорулатуу жаатындагы артыкчылыктуу багыт болуп коллективдин курамы бир улуттан болбошуна жол

бербөө, КГБ ишиндеги сырдуулукту өнүктүрүү, экстремизм менен күрөшүү саналган.

**Экинчи глава «Укук коргоо органдарында квалификацияны жогорулатуу чөйрөсүндө аракеттеги кошумча кесиптик билим берүү системасын изилдөө»** деп аталып, үч бөлүмдөн турат.

*Биринчи бөлүм – "Кошумча кесиптик билим берүү системасында укук коргоо органдарынын кызматкерлерин даярдоо практикасына жүргүзүлгөн анализдер"*деп аталып, автор тараптан Казакстан Республикасынын "Мамлекеттик кызмат жөнүндө" Мыйзамын карап чыккан *[ Закон Республики Казахстан «О государственной службе» от 6 января 2011 г. № // №380-IV ЗРК ]*, ага ылайык кызматкерлер үчүн үзгүлтүксүз окутуунун жана квалификацияны жогорулатуунун бүтүндөй бир системасы иштейт, ал күндүзгү жана топтук окууну камтып турат. Квалификацяины жогорулатуу укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттеринен болуп саналат. 4-май 2015-жылы Казакстан Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен "Казакстан Республкиасынын Башкы прокуратурасынын алдындагы укук коргоо органдарынын академиясы" түзүлгөн" *[Указ Президента Республики Казахстан* от 28 августа 2013 года № 624 «О формировании Президентского резерва руководства правоохранительных и специальных государственных органов Республики Казахстан»; *Указ Президента Республики Казахстан* от 4 мая 2015 года № 15 «О создании Академии правоохранительных органов при Генеральной прокуратуре Республики Казахстан»*]*. Академиянын түзүлгөнүнөн бери кесиптик деңгээлин жогорулатуудан укук коргоо органдарынын 5361 кызматкери өткөн, анын ичинде 3800 – прокуратуранын кызматкерлери, 225 – ички иштер органдарынын кызматкерлери, 886 – коррупцияга каршы күрөшүү кызматынын кызматкерлери, 600 – экономикалык кылмыштуулукту иликтөө кызматынын кызматкерлери, 65 – КПжСУ кызматкерлери өткөн. Билим берүү ишмердигинин олуттуу багыты болуп укук коргоо органдарынын жетекчилигинде Президенттик резервде турган кызматкерлерди даярдоо эсептелет. Аталган билим берүү долбоору Мамлекет башчы койгон жаңы формациядагы жетекчилерди – лидерлерди жана заманбап менеджерлерди милдеттерди түзүү милдетин аткарууну ишке ашырат. Окуу процесси окутуунун төрт модулуна бөлүнгөн: "Мамлекеттик саясаттын негизги багыттары", "Массалык каршылык көрсөтүү жана террористтик акцияларда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн тактикасын киргизүү", "Башкаруу ишмердигиндеги аналитикалык иштердин негиздери" жана "Лидерлик жана жетекчинин жеке натыйжалуулугу". Окутуунун жогорку натыйжалуулугуна жетүү үчүн сабактарга беделдүү окумуштуулар жана практиктер, эл аралык эксперттер (АКШ, Улуу Британия, Сингапур) жана мамлекеттик органдардын жетектөөчү курамынын өкүлдөрү тартылат. Квалификацияны жогорулатуу курстары жаңы форматта, практикага жакындаштырылып өткөрүлөт. Анын ичинде, уюм окутууну үч негизги этапты камтыйт: "Билимдерин практикадагы муктаждыгын үйрөнүү жана аларды квалификацияны жогорулатуу курстарында калыптандыруу", "Квалификацияны жогорулатуу курстарынын спецификасын эске алуу менен даярдоонун көбүрөөк эффективдүү формаларын

аныктоо” жана “Окутуунун ар бир курсунун практикалык эффективдүүлүгүн баалоо жана аларга иштин жүрүшүндө тийиштүү корректураларды киргизүү”.

Укук коргоо органдарында квалификацияны жогорулатуу институтун эффективдүү өнүктүрүү ойлонуштурулган кадр саясатына түздөн-түз таасирин тийгизет. Диссертант орус окумуштуусу С.Ф.Зыбиндин пикирине толук кошулат: “кылмыш дүйнөсү мамлекетке коркунуч жаратып, чакырык таштады, анын маанилүү институттарына, адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндигине, өнүгүүнүн демократиялык жолуна, анын соттук-укуктук системасынын иштешине ж.б. чейин жетти, өлкө криминалдуу дүйнөнүн коркунучтарынан кутулуу үчүн болгон күчүн, каражатын жана ыкмаларын колдонушу керек. Болбосо экономикалык жактан кыйроолор уланышы кооптондурат, социалдык кырдаал начарлайт, дүйнөдө аброюн жоготот жана өзүнүн мамлекеттүүлүк белгисин сактай албай калат *[Зыбин С. Ф.* Кадровое обеспечение деятельности органов внутренних дел (Ист.-правовой и теорет.-правовой анализ) *[Текст]: автореферат дис. ... канд. юрид. наук : 12.00.02 /С.Ф. Зыбин- СПб, 1997.- С. 8].*

*Экинчи бөлүм – «Укук коргоо ишмердүүлүгү чөйрөсүндө кадрларды даярдоодо квалификацияны жогорулатуу институтун өнүктүрүү боюнча чет элдик тажрыйба»* деп аталат. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу институттары көптөгөн өлкөлөрдө активдүү колдонулат. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында, албетте, позитивдүү чет элдик тажрыйбаларды пайдаланууга болот. Мисалы, Кытай Эл Республикасында аракеттеги мыйзамдарына ылайыкпрокуратура органдарынын кызматкерлерине кесиптик теориялык жана практикалык даярдыктарын өркүндөтүү милдети жүктөлгөн. 27-июнь 1991-жылы Прокурорлордун квалификациясын жогорулатуунун борбордук институту түзүлгөн; бул мезгилде прокурордук мектептер, борборлор жана квалификацияны жогорулатуу мекемелери КЭРдин бардык провинцияларындагы прокуратураларда иштей баштаган. 28-февраль 1995-жылы Эл өкүлдөрүнүн сегизинчи чакырылышынын бүткүл кытай жыйынын туруктуу комитетинин он экинчи сессиясы “Прокурорлор жөнүндө” КЭРдин Мыйзамын кабыл алган *[Юрковский А.В., Лю С, Ван Ч. О повышении квалификации и профессиональной подготовке сотрудников органов прокуратуры Китайской Народной Республики [Текст] //Российский следователь. 2009. № 12. С. 18].*

Атап айтсак, Германияда социалдык полиция деп аталган кызмат түзүлгөн. Полициянын консультанттары түзүмдүн жетекчисине түздөн-түз баш иет жана алар Ички иштер министрлигинин жумушчу тобуна кирет да, жылына бир жолу бир айлык квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүүгө милдеттүү, бул курстарда аларга тренинг формасында укуктук суроолор, ошондой эле практикалык психологиянын жана социологиянын акыркы жетишкендиктери жана тандап алган жумушу боюнча сабактар өтүлөт. 1975-жылы, качан полиция кызматындагы психологдордун ишиндеги практикалык пайда сөзсүз жаралганда, Мюнхен шаарынын шаардык полициясынын психологиялык кызматын Мюнхен полиция президиуму деп аталган президиумдун алдындагы бавар полициясынын Борбордук психологиялык кызматына айландыруу

зарылдыгы келип чыккан. Ошондон бери психологиялык кызматтар катуу өзгөрдү; бүгүн алар эпизодикалык эмес, полициянын ишиндеги концептуалдуу көйгөйлөрдү козгойт *[Литвинова Г.А. Социально-психологическое обеспечение деятельности полиции Баварии (Германия) // [Текст] // Юридическая психология. 2010. № 3. С. 35]*. Эксперттер аны, европалык деңгээлдеги эффективдүү деп белгилейт. Ал нерсегеге социалдык процесстердин децентрализациясы таасир этет. Мамлекеттин 16 федералдык жерге административдик-территориялык бөлүштүрүүсү, өз алдынча өзүнүн профессионалдык даярдоо системасы менен жер полициясын жаратып жана колдонууга укугу берилет.Полиция кадрларын окутуу 3 деңгээлден турат.Квалификацияны жогорулатуу институтут боюнча, даярдыктын 3-деңгээлин карайбыз. Германиянын Жогрку полициялык Академиясында, жогорку офицердик курам 2 жылдык даярдыкты өтөт. Даярдык, кылмы-жаза криминалистикасынын жаңы тенденциялардын, укуктук курстарды, гуманитардык циклдин сабактарын тереңдеп изилдөөгө багытталат. *[Кикоть В.Я. Организационно-правовое и информационное обеспечение реализации кадровой политики МВД России в сфере подготовки кадров [Текст] //:В. Я. Кикоть: Дисс…д. ю. н. М., 2002. С.261].*

Америкалык полицейскийлердин тажрыйбасынан алсак болот, себеби алардын эмгектик ишмердүүлүк программасы мамлекеттин мектептеринде милдетүү түрдө берилет. 70%тен ашык мектептер квалификациясын жогорулатып жаткан полициянын угуучулары менен тыгыз иш алып барышат. Балдар менен иштешүүдө атайын психологиялык-педагогикалык наамдар, жогорку компетентүүлүк , шыктар талап кылынат. Бул тенденция балдарды багуудагы полициялык ассоциация менен байланыштуу.

Мисал катары Лос-Анджелстин полициялык Академиясынын иш тажрыйбасын алсак болот. Ал жердин окуу программасында, адамдардын ар кандан категориясы менен маек жүргүзүү боюнча 400 саат бөлүнөт; башка улуттардын маданияттарынын негиздерин изилдөө үчүн – 360 саат. *[Петров А.Я. Некоторые аспекты подготовки полицейских// использование зарубежного опыта в деятельности ОВД РФ. [Текст] //:А. Я. Петров. Материалы межвуз.научно-практ. конф., 1993.в 4ч. Ч.2.С.51].* Андан сырткары, кол салууга жана зоордого колу барган полиция кызматкерлерин чыгаруу үчүн мал-маалы менен штаттык психологдорго текшерүүгө тартылыш керек.

Никифорова Е. А өзүнүн изилдөөлөрүндө, “Канададанын полициясынын ишмердүүлүгүнүн приоритети анын башка улуттар менен(мисалы, эмигранттар менен) болгон карым-катнашын түзөт.Ал эми бул нерсе батыш европалык мамлекеттерге мүнөздүү. *[Никифорова Е. А. Правовые и организационные основы деятельности миграционных служб зарубежных стран : [Текст] Е.А. Никифорова Автореф. дисс…к.ю.н. М., 2004].*

Францияда, квалификацияны жогорулатуу боюнча курстарды окутууда, полиция кызматкерлерине психология психолог-адистер менен эле эмес, атайын даярдалган юристтер тарабынан окутулат.

Жалпысынан атап айтканда, чет элдик мамлекеттердин укук коргоо органдарынын системасынын окуу процесси, укук коргоо органдарынын жогорку имиджин колдоого негизделет. Бул нерсеге брендтик полициянын ишке ашуусу багытталат. Профессионалдык дардоо боюнча органдар жеке

девиз боюнча иш алып барышат. ФБРдини девизи “ Берилгендик, кайраттуулук, чынчылдык”, Чикаго шаарынын полиция Башкармалыгынын девизи – “ Биз кызмат кылабыз жана сактайбыз” жана башкалар.

Ошондой эле АКШда полиция кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча, окутуулар, калктын социалдык кызматын камсыз кылууга багытталып жана медициналык жардам көргөзүүгө, псиологиялык колдоо көргөзүүгө, жоголгон адамдарды издөөгө , жаныбарларды сактоого негизделет. Полициянын офицерлери үчүн, курс, баардык профессионалдык маселелрди үйрөтүп, жыйынтыгында укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, алтургай эң оор абалдан чыгууга да жолдорун табат.

Демек, азыркы дүйнөлүк практиканы анализдеп бүткөн соң, диссертант, тажрыйба алмашуу, квалификацияны жогорулатуу чөйрөсүндөгү укук коргоо органдарынын эл аралык кызматташтыгы жогорудагы институттун транснационалдык кылмыштар менен күрөшүүдөгү эфективдүү жол деп белгилейт.

*Үчүнчү бөлүм «Укук коргоо ишмердүүлүгү чөйрөсүндө кадрларды даярдоо системасында квалификацияны жогорулатуу институтун өркүндөтүүнүн негизги жолдору»* деп аталып, анда институттун максаты жогорку жалпы маданиятты, кесипкөй компетенттүүлүктү, инсандын, конституциялык укуктарын жана эркиндигин, мамлекеттин кызыкчылыгын коргоого жарандык бышып жетилүүсүн жана даяр туруусун айкалыштыра билген жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо болуп саналат деп белгиленет.

Институттун милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- кылмышкерлер менен күрөштү алып барган кызматкерлерди укук коргоо ишмердигинин заманбап талаптарына ылайык келген кызматтык милдеттерди аткарууну камсыз кылуучу билгичтик менен жана эффективдүү аракеттерге окутуу;

- жетектөөчү курамды карамагындагыларды башкаруу, окутуу жана тарбиялоо боюнча көндүмдөрүн өркүндөтүү, илимдин жана техниканын жетишкендиктерин кызматтык ишмердик практикасына киргизүү, иштин алдыңкы формаларын жана методдорун колдонуу, эмгекти илимий жактан уюштуруунун негиздерин пайдалануу;

- кызматкерлердин кесиптик өзүн өзү таанып-билүүсүн калыптандыруу, кесиптик чеберчилигин дайыма өркүндөтүп турууга умтулуу, өз аракеттерине карата жоопкерчиликти сезе билүү;

- кызматкерлердин укук бузуучулардын жолун тосууга багытталган чечкиндүү жана билгичтик аракеттерге дайыма даяр болуусун кармап туруу;

- кызматкерлердин жогорку психологиялык туруктуу инсандыгын калыптандыруу, кыраакылыгын, акыл-эсти жана башка сапаттарды жана көндүмдөрүн жакшыртуу;

- атайын техника жана атайын каражаттарды колдоно алуу көндүмдөрүн өркүндөтүү;

- мамлекеттик укукту өркүндөтүү боюнча, адистерди даярдоодогу профилдерине жараша укук коргоо түзүмдөрүнүн иши боюнча фундаменталдуу

жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү, илимий изилдөөлөрдөн алынган натыйжаларды окуу процессине жана практикага киргизүү;

- өзүнүн компетенциясынын алкагында эл аралык, аймактык жана башка билим берүү программаларына катышуу;

- окуу, методикалык, илимий жана башка адабияттарды даярдоо, басып чыгаруу жана жайылтуу.

Диссертант тарабынан заманбап шарттарда мамлекеттин келечектүү өнүктүрүү милдеттерин ийгиликтүү чечүү мыйзамдарды реалдуу модернизациялоодон жана укук коргоо системаларын чыңдоодон көз каранды. Бул милдеттерди чечүү үчүн мамлекеттин механизмдерине, анын курамдык бөлүктөрүнүн биргелешкен ишин бекемдөөгө, укуктук-ченемдик негиздерин түзүп, өркүндөтүүгө өзгөчө орун берилген.

Улам татаал жана кооптуу чакырыктар менен коркунучтар жаралып жаткан маалда, албетте, мамлекеттик бийликтен укук коргоо ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү кадрларды даярдоодо квалификацияны жогорулатуу институтун өркүндөтүү маселелерине тыкыр көңүл бурууну талап кылат.

Укуктук саясат – татаал жана көп кырдуу көрүнүш, ал жалпыга милдеттүү социалдык ченемдер системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу системасы боюнча ишмердиктин ар түрдүү формалары менен байланышып, коомдун өнүгүшүндөгү баалуулуктарга болгон багыттуулукту, мамлекеттик түзүлүштүн принциптерин, укуктук тартипти уюштуруу жана колдоп туруунун фундаменталдуу идеяларын, инсандын укуктарын жана эркиндигин коргоону бекемдейт, ошондой эле социалдык-экономикалык, саясий, илимий, маданий жана руханий прогресстин башка маанилүү маселелерин укуктук жактан чечет. Ал экономикалык жана мамлекеттик түзүлүштүн чындыгына, кабыл алынган жана аракеттеги мыйзамдарга, укуктук көз караштын үстөмдүк кылышына жана башка таяныч факторлорго негизделет жана аларды чагылдырат.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү **негизги тыянактарды** чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Укук коргоо органдарынын системасы өзгөрүлүп турууcу зарыл. Анын түрлөрү өзгөрүлүшү керек, жаңы бөлүмдөр менен толукталып туруш керек. Аларга кылмыштардын жаңы түрлөрү пайда болуга себепкерленип, жаңы максаттар жана милдеттер коюлуусу зарыл;

2. Автор төмөнкүнү аныктайт: "Укук коргоо органдары системасында квалификацияны жогорулатуу институтунда укук коргоо ишмердүүлүгүнө кадрларды даярдоо элементтери бар, өз милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткаруу үчүн зарыл болгон кесипкөйлүк деңгээлин кармап туруу жана жакшыртууга багытталат, бул укук коргоо системаларынын бардык кызмат адамдарына карата милдеттүү деп эсептелет".

3. Укук коргоо органдарынын тынымсыз реорганизациясы анын алсыздыгына, квалификациясы жогорулатылган кадрлардын башка көп

акы төлөнүүчү жумушту издеп кетүүгө, бириккен кылмыштуу топтордо техникалык жабдуулардан артка калууга, коррупциянын пайда болушуна алып келет.

4. Кадрлардын ирээти жоктугу, кызматта жумуштун көптүгү баардык багыттар боюнча модернизациялоонун сапатына таасир этет.

5. Укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтун ишке ашырууда Устатчылык (наставничество) институту тыгыз байланышта болуш керек.

6. Укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтун оптимизациялоо максатында, эл аралык кызматташтык зарыл.

Укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтун өркүндөтүү боюнча төмөнкү **практикалык сунуштар** иштеп чыгарылды:

1. Илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин пайдалануу менен укук коргоо органдарын заманбап жабдуулар менен жабдуу;

2. Квалификациясын жогорулатуу куртсарга тапшырууда психологиялык жана психиатриялык тандоо жүргүзүлүш керек.Андан сырткары, укук коргоо системасынын атайын окуу мекемелерине тапшыруу эрежелери боюнча кээ бир топтогу адамдарга жеңилдиктер берилет: мисалы, коопту жерлерде кызмат өтөп, анын кесепетинен психологиялык трамва алган аскер кызматкерлери. Коопту кызматтарды өтөгөн кызматкерлер, гастарбайтерлерге, бомждарга,өспүрүмдөргө жана башка коомдогу коргоого алынбаган мүчөлөргө карата мыкаачылык мамилеси айырмалап турат.

3. Квалификацияны жогорулатуу институтунун ишмердүүлүгүндө негативдүү фактор болуп жаны техн ологияларды колдонуусун ишке ашыралбастыгы, материалдык базанын аздыгы, кадрлык курамдын инертүүлүгү (укук коргоо органдарынын системасындагы проблемаларды изилдөө, укук коргоо органдарынын имиджин жакшвртуу максатында психологиялык концецияларды изилдеп чгыуу, коллективдеги иш климатты диагностикалоо, кандидаттарды жогорку башкаруучу кызматтарга тандоо,кызматкерлерди аттестациялоого принциптерди жана ыкмаларды түзүү);

4. Квалификацияны жогорулатуу институтунун максаты катары ыкчам укук коргоо органдарынын ото оор жана онокот кылмыштарды ачууда жардам болот (сурамжылоо учурунда кылмышкердин психологиялык суроттомосу, сурамжылоону жургузуу тактикасын иштеп чыгуу учурунда психологиялык жардам, окуя болгон жерди кароого катышуу, психологиялык экспертиза. Кызматкерлердин ден-соолугунун псиохофизиологиялык абалына жооп бере турчу, ошондой эле укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кенеш берүү,стресстен кийинки абалдарын алдын алуу,клиникалар,психотерапевттер, медициналык кызмат жана укук коргоо системасынын башка институттары менен кызматташуу;

5.Квалификацияны жогорулатууу курсунун темалары, көйгөйлөрдүн абалына карата иштелип чыгышы зарыл (акыркы 3 жылдык инспекторлук

текшерүүлөрдүн,коллегиялардын материалдары, иш жетишпегендиги тууралуу отчеттору ж.б.).Билими жетишпегендигине байланыштуу кызматкерлердин ишиндеги кемчиликтер эске алынып, тамалар түзүлүш керек;

6. Укук коргоо органдарынын кадрларынын сандык жана сапаттык курамын жакшыртуусу төмөнкү шарттарда мүмкүн:

-курстарды 2-3 ай катышып баштагандан кийин, сапатын жогорулатуу максатында башчылары угуучулардын билимине экспертик баа беришине зарыл;

-кызматкерлеринин акчалай камсыздалышын, материалдык камсыздоо алардын ишмердүүлүгүнүн татаалдыгына жана коркунучуна байланыштуу барабар болуш керек. Белгиленген иш-чаралар алардын экономикалык көз карандысыздыгын, паракорчулукка каршы жүрүш-турушун жана квалификациялуу адистердин кетүүсүн алдын алуусун камсыздайт;

-квалификациясын жогорулатуу курстарын аяктаган укук коргоо түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин акчалай камсыздалышын жогорулатуу боюнча сунуш негизделген жана анык түзүмү жаштарды тартууга, агымдарды азайтууга жана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда жигердүүлүктү жогорулатууга багытталып өзгөртүлдү. Алсак, кызматкерлердин кызматтык айлыктарынын терең дифференциациясы, кызмат өтөгөн мезгили үчүн пайыздык кошулмалардын кошулуу шкаласынын өзгөрүшү, эмгек стажы үчүн пайыздык кошулманы киргизүү;

– кызматкердин тийиштүү жол менен коомдук пикирди калыптандыруу үчүн, укук коргоо органдарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматташуусун оптималдаштыруу. Анткени, кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө байланыштуу позитивдүү болгон окуялар коомчулукка анча белгисиз бойдон калууда.

## Диссертациянын темасы боюнча
## ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Бейсембаев, Д.А. Традиции и инновации в развитии института повышения квалификации в системе правоохранительных органов [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник Академии МВД КР. - 2017. - №3. - С.71-74;
2. Бейсембаев, Д.А. Актуальные вопросы подготовки сотрудников правоохранительных органов Республики Казахстан[Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник Академии МВД КР. - 2017. - №3. - С.120-123;
3. Бейсембаев, Д.А. Антикоррупционная политика при повышении квалификации сотрудников правоохранительных органов [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Современные проблемы гуманитарных и естественных наук. XXXVIII Международная научно-практическая конференция 2018 г. - Москва, 2018. - С.44-47;
4. Бейсембаев, Д.А. Испытание при приеме на службу в органы внутренних дел КР [Текст] /Д.А. Бейсембаев //Современные проблемы гуманитарных и естественных наук. XXXVIII Международная научно-практическая конференция 2018 г. - Москва, 2018. - С.47-50;

5. Бейсембаев, Д.А. Совершенствование мер по профилактике коррупции в деятельности правоохранительных органов КР [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник МУК. - 2018. - №1(34). - С.158-161;

6. Бейсембаев, Д.А. Принципы комплектования кадров правоохранительных органов [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник МУК. - 2018. - №1(34). - С.161-164;

7. Бейсембаев, Д.А. Функционирование института повышения квалификации сотрудников правоохранительных органов: обзор зарубежного опыта [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник Академии МВД КР. - 2018. - №1. - С.34-36;

8. Бейсембаев, Д.А. Государственная политика КР в сфере модернизации правоохранительных органов [Текст] /Д.А. Бейсембаев // Вестник Академии МВД КР. - 2018. - №1. - С.183-185.

Бейсембаев Диас Амангельдиновичтин «Квалификацияны жогорулатуу институтунун эволюциясы укук коргоо ишмердиги чөйрөсүндө кадрларды даярдоонун элементи катары (тарыхый-укуктук аспект)» аттуу темадагы 12.00.01-укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** эволюция, укук коргоо органдары, квалификацияны жогорулатуу, компетенттүүлүк, кесиптик даярдоо, укуктук аң-сезим, билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн объектиси** – укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту менен байланышкан коомдук мамилелер.

**Изилдөөнүн предмети** – укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту, анын түшүнүгү, концепциясы, укуктук ченемдер.

**Изилдөөнүн максаты** – укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун эволюциясын өнүктүрүүнүн жолдорун жана шарттарын аныктоо жана негиздөө жана бул чөйрөдө практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору** катары жалпы илимий методдор: тарыхый, анализ, синтез, индукция, абдукция, абстракциялоо менен бирге укуктук-ченемдик талдоо, салыштырма талдоо методу колдонулган.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын илимий жаңылыгы** төмөнкү негизги теориялык жана практикалык натыйжалары менен аныкталат: 1) баяндалган автордук аныктама түшүнүктөр «укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту»; 2) укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту негизделиши өзгөчөлүгү; 3) укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институту азыркы абалы негизделди; 4) укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун өнүгүү жана карама-каршы келген тенденциялар негизделген 5) укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун камсыз кылган шарттарды өркүндөтүү жолдору негизделген; 6) укук коргоо органдарынын системасында квалификацияны жогорулатуу институтунун өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштары негизделген .

**Пайдалануу боюнча сунуштар.** Квалификацияны жогорулатуу институтунун азыркы абалын жана өнүгүү келечегин мындан аркы илимий изилдөөлөрдө, укук коргоо органдарынын системасында кадрларды даярдоо чөйрөсүндө; ошондой эле окутуу процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** юриспруденция; мамлекеттин жана укуктун теориясы жана практикасы; укук коргоо органдарынын ишмердиги; укуктук билим берүү чөйрөсү.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Бейсембаева Диаса Амангельдиновича на тему «Эволюция института повышения квалификации как элемент подготовки кадров в сфере правоохранительной деятельности (историко-правовой аспект)» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01-теория и история права и государства; история учений о праве и государстве

**Ключевые слова:** эволюция, правоохранительные органы, повышение квалификации, компетентность, профессиональная подготовка, правовое сознание, образовательный процесс.

**Объект исследования** – общественные отношения, связанные с институтом повышения квалификации в системе правоохранительных органов.

**Предмет исследования** – эволюция института повышения квалификации в системе правоохранительных органов, его понятие, концепция, правовые нормы.

**Цель исследования** – выявление и обоснование путей и условий совершенствования эволюции института повышения квалификации в системе правоохранительных органов и выработка практических рекомендаций в данной сфере.

**Методы исследования**: общенаучные методы: исторический, анализ, синтез, индукция, дедукция, абстрагирование; частнонаучные методы сравнительного, нормативно-правового анализа и другие.

**Полученные результаты и их научная новизна** определяется следующими основными теоретическими и практическими результатами: 1) сформулировано авторское определение понятия «институт повышения квалификации в системе правоохранительных органов»; 2)обоснована специфика института повышения квалификации в системе правоохранительных органов; 3) охарактеризовано современное состояние института повышения квалификации в системе правоохранительных органов; 4) выявлены тенденции развития и противоречия в системе института повышения квалификации в правоохранительных органах; 5) обоснованы пути и условия, обеспечивающие совершенствование института повышения квалификации в системе правоохранительных органов.

**Рекомендации по использованию.** Полученные результаты могут быть использованы в дальнейших научных исследованиях современного состояния и перспектив развития института повышения квалификации как элемента подготовки кадров в сфере правоохранительной деятельности; также могут быть полезными в правоприменительной практике.

**Область применения:** юриспруденция, теория государства и права, правоохранительные органы; правовое образование.

## Summary

**Dissertation of Beysembaev Dias Amangeldinovich's on the topic: «The evolution of the Institute of advanced training as an element of training in the field of law enforcement» on competition of a scientific degree of candidate of legal sciences, speciality 12.00.01 – theory and history of law and state; history of doctrines of law and state**

**Keywords:** evolution, law enforcement, training, competence, training, legal consciousness, educational process.

**The object of the dissertation research-**social relations developing in the process of evolution of the Institute of advanced training as an element of training in the field of law enforcement.

**The subject of the** study the study of the evolution of the institute of advanced training as an element of training in the field of law enforcement, the concept, concept, legal norms.

**The target of the research** identification and justification of ways and conditions for improving the evolution of the Institute of training in the system of law enforcement.

**Research methods**: general scientific methods: historical, analysis, synthesis, induction, deduction, abstraction; private scientific methods of comparative, regulatory analysis and others.

**The obtained results and their scientific** determined by the following main theoretical and practical results: 1) formulated the author's definition of " Institute of advanced training in the system of law enforcement; 2) substantiated the specificity of the Institute of advanced training in the system of law enforcement; 3) characterized by the current state of the Institute of advanced training in the system of law enforcement; 4) identified trends and contradictions in the Institute of advanced training in the system of law enforcement; 5) justified the ways and conditions to ensure the improvement of the Institute of training in the system of law enforcement; 6) justified practical recommendations for improving the Institute of advanced training in the system of law enforcement agencies**.**

**Recommendations for use**. The obtained results can be used in further scientific studies of the current state and prospects of development of the Institute of advanced training as an element of training in the field of law enforcement; they can also be useful in law enforcement practice.

**Application area:** jurisprudence, theory of state and law, law enforcement agencies; legal education.